КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ТРАНСПОРТА И КОММУНИКАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

Бишкек ш.
г. Бишкек

15-август 2024 ж. № 202

**2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы туруу боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 1-этап 2025-жылдан 2027-жылга чейинки орто мөөнөттүү мезгилде иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнунда №137 Жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы туруу боюнча мамлекеттик стратегияны аткаруу максатында, 2012-жылдын 8-августунда №153 "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 7 жана 8-беренелерин жетекчиликке алып, жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жөнүндө 2021-жылдын 1-июлунда №55 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде коррупцияга каршы аракеттенүү жана алдын алуу боюнча чараларды уюштуруу максатында **буйрук кылам:**

1. Бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин (мындан ары – Министрлик) 2025-2030 - жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы туруу боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча 2025-2020-жылдардагы орто мөөнөттүү мезгилге (мындан ары-План) 1-тиркемеге ылайык иш-чаралар планы;
- планды аткаруу боюнча отчеттун формасы 2-тиркемеге ылайык.

2. Министрликтин түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилери белгиленген мөөнөттө планды талаптагыдай аткаруу боюнча бардык зарыл чараларды көрүшсүн.

3. Министрликтин коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү, квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 10-күнүнө чейин:

- пландын аткарылышы жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Коррупцияга каршы ишкер кеңешке жиберсин;

- пландын аткарылышы жөнүндө маалыматты Министрликтин маалыматтык саясат секторуна Министрликтин расмий ведомстволук сайтына жарыялоо үчүн жиберсин.

4. Министрликтин маалыматтык саясат сектору Планды жана кварталдык отчетторду Министрликтин ведомстволук сайтына жайгаштырсын.

5. Буйруктун аткарылышын контролдоосу Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министринин орун басары Б.Т. Базаралиевге жүктөлсүн.

**Министрдин**
**милдетин аткаруучу** **А.Т. Сыргабаев**

**1-Тиркеме**

**Кыргыз Республикасынын**
**Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин**

**2024 –ж. «15» август № 202**
**буйругу менен бекитилди**

**2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы туруу боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 1-этап 2025-жылдан 2027-жылга чейинки орто мөөнөттүү мезгилде**
**Иш-чаралар планы**

| № | Милдеттер | Иш - чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| | | | | | | |
| 1. | Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин (ТКМ) бардык ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн аткаруу ишмердүүлүгүнө коррупцияга каршы талдоо жүргүзүү | 1. Жол куруу, транспорт саясаты, финансылык аудит, юридикалык, кадрдык жана иш кагаздарын жүргүзүү маселелери боюнча билимдерин жана компетенттүүлүгүн эске алуу менен ТКМ борбордук аппаратынын кызматкерлеринен турган туруктуу иштөөчү антикоррупциялык комиссияны түзүү. ТКМ буйругунун негизинде | 2024-жылдын 4-кварталы | КР ТКМнин комиссия түзүү жөнүндө буйругу чыкты. Антикоррупциялык комиссиянын иштөө графиги бекитилди. | ТКМ борбордук аппараты; ККЫУ. | республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | коррупцияга каршы комиссияга коррупцияга каршы аракеттенүү жана алдын алуу боюнча чараларды көрүү жөнүндө ТКМнын жетекчилигине сунуштарды тиешелүү түрдө киргизүү менен түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин изилдөө жана талдоо боюнча тиешелүү укуктар менен ыйгарым укук берилсин. | | | | |
| | | 2. Төмөнкүлөргө коррупцияга каршы талдоо жүргүзүү:<br><br>- "Кыргызавтожол-Түштүк" МИ;<br>- "Кыргызавтожол-Түндүк" МИ;<br>- Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаменти.<br><br>- "Кыргыз темир жолу"УК" МИ;<br>- Ислам Өнүктүрүү Банкынын долбоорлорун ишке ашыруу тобу;<br>- Азия Өнүктүрүү Банкынын долбоорлорун ишке ашыруу тобу;<br>-Дүйнөлүк Банктын долбоорлорун ишке ашыруу тобу; | 2024-жылдын 4-кварталы<br><br><br><br>2025-жылдын 1-кварталы | ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүндө иштин коррупциогендик багыттары аныкталды. Коррупциялык схемаларга, тобокелдиктерге жана бул көрүнүштөргө тиешеси бар адамдарга карата мыйзамдардын талаптарына ылайык чаралар көрүлдү. Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралардын планы иштелип чыкты. | ТКМ борбордук аппараты; ККЫУ. ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | - Жол чарба департаменти;<br>- Жол фонду;<br>- Кыргызжолтрансдолбоор;<br>- Өндүрүштүк - инновациялык борбору ММ;<br>- "Кыргыз автобекети". | 2025-жылдын 2-кварталы | | | |
| | | 3. Коррупцияга каршы комиссиянын изилдөө-аналитикалык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы боюнча, коррупцияга каршы күрөшүүнүн системалуу механизмдерин иштеп чыгуу. Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралардын пландарын ишке ашыруу жана алар боюнча контролдоо жана отчеттуулук механизмдерин ишке киргизүү. | 2025-жылдын 2-кварталы | ТКМнын ведомстволук бөлүмдөрүндө коррупциогендүүлүктүн деңгээлин кыскартуу. Контролдоо жана отчеттуулук механизмдерин ишке киргизүү. | ТКМ борбордук аппараты; ККЫУ; ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | |
| 2. | ТКМнын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча ички ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын белгиленген ченемдерине жана эл аралык стандарттарга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024- | 1. Эл аралык стандарттарды жана чет өлкөлөрдүн алдыңкы тажрыйбаларын иликтөө менен ТКМда коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдарды жана мыйзам алдындагы актыларды ишке ашыруунун укук колдонуу практикасына талдоо жүргүзүү. | 2025-жылдын 1-кварталы | Эл аралык стандарттарды жана чет өлкөлөрдүн алдыңкы тажрыйбаларын колдонуу менен коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдарды жана мыйзам алдындагы актыларды ишке ашыруунун укук колдонуу практикасына талдоо жүргүзүлдү. | ТКМ борбордук аппараты; ККЫУ; УКБ; ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | жылдын 5- июнундагы № 137 Жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы туруу боюнча мамлекеттик стратегияга (Стратегия) ылайык келтирүү жана аларды жаңылоо | күрөшүүнүн механизмдерин өркүндөтүүчү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгууга жана КР Президентинин Администрациясына, КР Жогорку Кеңешине жана КР Министрлер Кабинетине киргизүүгө ТКМдин катышуусунун негизинде ички ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу. | 1-жарым жылдыгы | күрөшүүнүн механизмдерин өркүндөтүү боюнча ички ченемдик укуктук актылар кабыл алынды. | УКБ;<br>ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | 3. ТКМ коррупциянын алдын алуу боюнча түзүлгөн көз карандысыз ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен өз ара аракеттенүү боюнча ички ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алуу. | 2025-жылдын 1-жарым жылдыгы | ТКМ тарабынан коррупциянын алдын алуу боюнча көз карандысыз ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен өз ара аракеттенүү боюнча ички ченемдик укуктук актылар кабыл алынды. | ККЫУ;<br>УКБ;<br>ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| 3. | Коррупциянын алдын алуу боюнча көз карандысыз ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды түзүүнү (аныктоону) эске алуу менен ТКМда коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу органдын ишинин натыйжалуулугун | Боштуктарды жана дал келбестиктерди четтетүү, аларды коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзамдарга ылайык келтирүү жана ТКМда коррупциянын алдын алуу боюнча иштин натыйжалуулугуна жетишүү максатында коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуунун укуктук абалын, | 2025-жылдын 1-кварталы | Белгиленген тапшырмага ылайык төмөнкүлөр жүргүзүлгөн:<br>- коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуулардын ишин жана отчеттуулук процесстерин автоматташтыруу менен алардын ишин, кызмат өтөөнү укуктук | ККЫУ;<br>ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | жана ачыктыгын жогорулатуу. | функцияларын жана ишинин негизги багыттарын аныктоочу ТКМдин ченемдик укуктук актыларын инвентаризациялоо жана талдоо. | | жөнгө салууну өркүндөтүү, милдеттерин жана функцияларын оптималдаштыруу;<br>- коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын түзүмүндө коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктууларды аныктоо;<br>- мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуулардын ролун күчөтүү жана макамын жогорулатуу;<br>- алдыңкы эл аралык тажрыйбаны жана технологияларды өздөштүрүү максатында квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу жолу менен алардын жөндөмдүүлүгүн | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | чындоо жана өнүктүрүү. | | |
| 4. | ТКМ жана ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишмердүүлүгүндө ачыктык принциптерин бекемдөө. | 1. 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө ченемдик укуктук базага ылайык келтирилгенден кийин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан ТКМ ишинин укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктаган ченемдик укуктук актылардын жоболорунда бекемделсин. Ошондой эле, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү, мыйзамдардын сакталышын, кызматтык тартиптин абалын үзгүлтүксүз контролдоону камсыз кылуу аркылуу ведомстволук бөлүмдөрдүн жетекчилеринин кол алдындагы кызматкерлердин аракети (аракетсиздиги) үчүн жоопкерчилигин иштеп чыгуу жана кызматтык нускамаларда бекитүү. | 2025-жылдын 2-жарым жылдыгы | Белгиленген тапшырмага ылайык төмөнкүлөр жүргүзүлгөн:<br>- бири-бирин кайталаган ченемдерди алып салуу жана ТКМ системасында коррупциялык тобокелдиктерди жана коррупциогендик кызмат орундарын аныктоо;<br>- ТКМ жана административдик жол-жоболордо, функцияларда жана ыйгарым укуктарда, анын ичинде ченем жаратуу ыйгарым укуктарында камтылган ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишинде, ошондой эле чечимдерди кабыл алууда, таасир этүү чараларын (жаза чараларын) колдонууда, мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө коррупциялык | ККЫУ; ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | тобокелдиктерди өлчөө жана баалоо системасын өркүндөтүү, коррупциянын келип чыгуу коркунучу бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмегине ылайык аларды алдын алуу жана жоюу механизмдерин регламенттөө;<br>- коррупциянын келип чыгуу коркунучу бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмесин ТКМ сайтында жарыялоо. | | |
| 5. | ТКМ системасында жана ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүндө кызматкерлердин коррупциялык мотивациясын т | 1. Жогорку квалификациялуу адистерди тартуу жана кадрдык потенциалды сактоо, ТКМ ишинин кадыр-баркын жана жагымдуулугун жогорулатуу жана мамлекеттик башкаруу функцияларын аткаруу бөлүгүндө коррупция көрүнүштөрүнүн тобокелдиктерин азайтуу үчүн шарттарды жакшыртуу боюнча чаралардын комплексин иштеп чыгуу. | 2025-жылдын 1-жарым жылдыгы | Системаны жакшыртуу жана мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына кадрларды тандоо боюнча чаралар көрүлдү. | ТКМ ЭТжСП;<br>ККЫУ;<br>АРБ;<br>УКБ. | республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2. ТКМдин коррупциялык тобокелдиктер чөйрөсүндө иштеген кызматкерлеринин коррупцияга каршы аң-сезимин калыптандыруу үчүн эмгек акысын жана/же кошумча материалдык төлөмдөрдү жогорулатуу маселесин кароо. | 2025-жылдын ичинде | ТКМ жана ведомстволук структуралык бөлүмдөрдө кызматкерлердин коррупцияга каршы аң-сезимин калыптандыруу үчүн эмгек акыны жана/же кошумча материалдык төлөмдөрдү жогорулатуу киргизилген. | ТКМ ЭТжСП; ККЫУ; АРБ; УКБ. | материалдык чыгымдарды бекитүү менен республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| 6. | ТКМ системасында коррупцияга каршы идеологияны, моралдык-этикалык, адеп-ахлактык жана дөөлөттүк багыттарды калыптандыруу. Кесиптик компетенциясын жогорулатуу, коррупцияга каршы жүрүм-турумдун туруктуу принциптерин жана | 1. Мамлекеттик кызматкерлер менен ТКМ кызматкерлеринин коррупцияга каршы жүрүм-турумунун жана билиминин деңгээлинин туруктуу принциптерин калыптандыруу үчүн жол-транспорт тармагынын кызматкерлерин этика ченемдерин сактоону камсыз кылуу жана маалыматтык-билим берүү иштерин күчөтүү. | | 1. Квартал сайын этика боюнча комиссиянын ишинин натыйжалуулугуна мониторинг жана талдоо жүргүзүлөт жана натыйжалар ушул Пландын аткарылышынын кварталдык отчетуна киргизилет.<br>2. Кварталдык отчет ТКМ расмий сайтында жайгаштырылат. | | республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | мамлекеттик кызматкерлердин жана ТКМ кызматкерлеринин билим деңгээлин калыптандыруу. | 2. ТКМ кызматкерлеринин арасында коррупциянын алдын алуу боюнча окутууну жана ишти туруктуу негизде жүргүзүү, атап айтканда: кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөө, жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-ресурстар аркылуу кызматтык милдеттеринде чынчылдык, калыстык, ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик, кесипкөйлүк жана жогорку этикалык ченемдердин принциптерин жайылтуу. | 2025-2027 – жылдар. | Кызматкерлердин коррупцияга каршы туруктуу жүрүм-турумун калыптандыруу, кызматтык милдеттерин аткарууда этиканын принциптерин жана ченемдерин сактоо үчүн, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-ресурстар аркылуу окутуучу семинарлар жана тренингдер өткөрүлөт. | ККЫУ, МСС, ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| 7. | Жол-транспорт тармагынын экономикалык ишиндеги коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу. | 1. ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жарандар жана жеке сектор менен өз ара аракеттенүү процесстерин автоматташтырууга багытталган ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү, чечимдерди кабыл алуу жол-жоболорунун жана процесстеринин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу, коомдун маалымдуулугун жогорулатуу. | 2025-жылдын 1-кварталы | Жол-жоболордун ачыктыгын жөнөкөйлөтүүгө, камсыздоого багытталган ички ченемдик укуктук актылар кабыл алынды. | ККЫУ, МСС, ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | 2. Кызмат көрсөтүүдө жеке жана юридикалык жактардан талап кылынуучу | 2025-жылдын 1-жарым жылдыгы | Документтерди берүү жана тариздөө үчүн талап кылынган | ККЫУ, ӨИБ, ТКМдин | республикалык бюджеттин каражаттарынын |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | документтердин (маалымкаттардын, маалыматтардын ж.б.) тизмесин кыскартуу боюнча чараларды көрүү, алар боюнча маалыматтарды "Түндүк" ВЭӨТ жана ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн маалыматтык системалары аркылуу алууга болот. Уруксат берүүчү документтерди берүү, мамлекеттик каттоо жана маалыматтарды берүү менен байланышкан ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүндө административдик жол-жоболорду жөнөкөйлөтүү. | | документтердин тизмесин кыскартуу, ошондой эле жалпы мамлекеттик санариптештирүүнүн негизинде ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүндө санариптик жана электрондук системаларды жана сервистерди өркүндөтүү. | ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | чегинде |
| 8. | "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аутсорсингте берүү бөлүгүн өркүндөтүү. | 1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекет тарабынан аккредиттелген (аутсорсингге) жеке юридикалык жактарга өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүн караган "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө "Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун КР | 2025-жылдын 1-жарым жылдыгы | "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды. | ТКМ борбордук аппараты; ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | ЖКга киргизүү үчүн иштеп чыгууга катышуу жана көмөк көрсөтүү. | | | | |
| | | 2. Юридикалык жана жеке жактарды мамлекеттик аккредитациялоо үчүн, ошондой эле жол-транспорт тармагынын мамлекеттик жана атайын кызмат көрсөтүүлөрүн аутсорсингге берүүдө методикалык көрсөтмөлөрдү караган ички буйруктарды жана жоболорду иштеп чыгуу жана чыгаруу. | 2025-жылдын 3-кварталы | Юридикалык жана жеке жактарды мамлекеттик аккредитациялоо боюнча , ошондой эле жол-транспорт тармагынын мамлекеттик жана атайын кызмат көрсөтүүлөрүн аутсорсингге берүүдө методикалык көрсөтмөлөрдү караган ички буйруктар жана жоболор иштелип жана басылып чыкты. | ТКМ борбордук аппараты; ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| 9. | Жарандардын ТКМ жана ТКМдин ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрү менен өз ара | ТКМ жана ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнө келип түшкөн, коррупцияга жол бербөө жана алдын алуу боюнча чараларды көрүү | 2025-2027 - жылдар | Ички укуктук актылар менен коррупциянын алдын алуу чараларын көрүү менен кайрылууларга талдоо | ТКМ борбордук аппараты; ИЖКБ ТКМдин | талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу. | менен коррупциялык укук бузууларга байланыштуу кайрылууларды (даттанууларды) кароо жана талдоо. | | жүргүзүүнүн тартиби жөнгө салынган, ал жыл сайын жүргүзүлөт. | ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | |
| 10. | ТКМ жана ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүндө накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн санын көбөйтүү. | Накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүүгө багытталган чаралардын комплексин кабыл алуу. | 2025-2027 - жылдар | ТКМ жана ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүндө накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүүгө багытталган чараларга жыл сайын талдоо жүргүзүлөт. | ТКМ ЭТжСПБ; УЫУ; | ТКМ жана ТКМдин ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн бюджеттери үчүн каралган республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| 11. | ТКМда мамлекеттик башкаруу системасын жана ТКМдин ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүндө өндүрүш процесстерин санариптештирүү | 1. Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдары менен өз ара байланышта ТКМда электрондук башкарууну киргизүүнү өркүндөтүү боюнча чараларды көрүү.<br>2. Мамлекеттик органдар менен коммерциялык уюмдардын ортосунда маалымат алмашууну камсыз кылуу менен "Түндүк" ВЭӨТ өнүктүрүү жана өркүндөтүү.<br>3. Маалыматты иштеп чыгуунун, берүүнүн жана жайылтуунун, электрондук форматта кызмат көрсөтүүнүн санариптик технологияларынын негизинде | 2025-2026 - жылдар | ТКМ жана ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүндө мамлекеттик башкаруу системасында санариптик технологияларды ишке киргизүү процесстерин аяктоо боюнча чаралар көрүлдү. | ТКМ борбордук аппараты; ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | ТКМ жана ТКМдин ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн бюджеттери үчүн каралган республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | мамлекеттик башкаруу системасынын иштеши. | | | | |
| 12. | ТКМ жана ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүндө улуттук коомдук кызмат адамдарынын (ККА) бирдиктүү маалымат базасын иштеп чыгуу. | "Түндүк" ВЭӨТ менен интеграциялоо жана "Түндүк" ВЭӨТ катышуучуларынын Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүсүнүн чечимдеринин каталогуна сервисти жайгаштыруу менен улуттук ККА маалыматтар базасынын бирдиктүү форматын түзүү. | 2025-жылдын 1-жарым жылдыгы | ТКМ караштуу ККА маалымат базасынын болушу жана толук иштеши. Идентификацияланган адамдардын катышуусун эсептеген эсептегич менен ККА маалыматтарынын актуалдуу жана жаңыланып туруучу базасынын болушу. | ТКМ борбордук аппараты; ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | ТКМ жана ТКМдин ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн бюджеттери үчүн каралган республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| 13. | Жүк ташууларды контролдоо системасын өркүндөтүү. | Жүк ташууларды транспорттук контролдоонун автоматташтырылган маалыматтык системасын (ТКАМС) жеткире иштеп чыгуу жана өркүндөтүү, анын ичинде:<br>- салмак-габариттик контролдоонун автоматташтырылган системасын киргизүү;<br>- жүктүн абалын жана жайгашкан жерин белгилөө үчүн электрондук документ жүгүртүү системасы, транспорттук-логистикалык кубаттуулуктарды резервдөө;<br>- товарды коштоочу | 2025-жыл | ТКМ караштуу Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин жүк ташуу боюнча ТКАМС кызматы иштелип чыкты жана толук кандуу иштеп жатат | ТКМ; ЖСЖТД. | республикалык бюджеттин жана Финансы министрлиги менен макулдашылган ДНВТ каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | электрондук документтерди онлайн берүү. | | | | |
| 14. | ТКМ жана ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүндө мамлекеттик жана административдик жол-жоболорду, ошондой эле өндүрүш процесстерин санариптештирүү. | Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы жана "Түндүк" ВЭӨТ аркылуу мамлекеттик (муниципалдык) органдардын санариптик өз ара аракеттенүүсү аркылуу электрондук-санариптик форматта лицензияларды жана уруксаттарды берүүнү кошкондо ТКМ мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүн которуунy камсыз кылуу, административдик жол-жобону жүзөгө ашыруу процессинде санариптик технологияларды колдонуу жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик органдардын башка АМТ менен интеграциялоо. | 2025-2026 - жылдар. | ТКМнын мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрү ташуучуларга, калкка жана башка субъекттерге электрондук-санариптик форматта көрсөтүлүүдө, коррупциялык тобокелдиктер минималдаштырылды. | ТКМ борбордук аппараты; ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | ТКМ жана ТКМдин ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн бюджеттери үчүн каралган республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| 15. | Санариптештирүүнүн алкагында мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдоо боюнча ТКМ жана ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн | Интернет-ресурстар аркылуу мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү (маалымкаттар ж.б.) алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө жарандардын маалымдуулугун кеңейтүү боюнча уюштуруучулук жана практикалык чараларды көрүү. | 2025-2027-жылдар | ТКМ жана ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүндө жарандарды интернет-ресурстар аркылуу мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалымат менен камсыз кылуу боюнча | ТКМ борбордук аппараты; ККЫУ. ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | ТКМ жана ТКМдин ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн бюджеттери үчүн каралган республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | жарандар менен өз ара аракеттенүүсү. | | | чаралар иштелип чыкты жана ишке киргизилди. | | |
| 16. | ТКМ кызматкерлеринин коррупцияга каршы тематика боюнча республикалык жана эл аралык масштабдагы илимий-практикалык иш-чараларга, ошондой эле ТКМ атынан ушул иш-чараларды уюштурууга катышуусу | Коррупцияга каршы темадагы республикалык, эл аралык конференцияларды, тегерек столдорду уюштуруу жана өткөрүү жана ушул сыяктуу иш-чараларга катышуу. ТКМ маалыматтарынын негизинде методикалык материалдарды иштеп чыгуу. | 2025-2027 - жылдар | ТКМ кызматкерлеринин жана ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн катышуусу менен коррупцияга каршы тема боюнча илимий-практикалык иш-чаралар өткөрүлдү. | ККЫУ, АРБ, ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | ТКМ жана ТКМдин ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн бюджеттери үчүн каралган республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| 17. | Коррупциянын деңгээлин өлчөөнүн улуттук системасын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу. | ТКМ ишинде жана ТКМ ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүндө коррупциялык көрүнүштөрдү жана тобокелдиктерди аныктоо максатында туруктуу негизде изилдөөлөрдү жүргүзүү, аларды эсепке алуу, регламенттөөчү документтерди изилдөө, сурамжылоолорду жүргүзүү, мониторинг жана талдоо, коррупциянын деңгээлин чагылдыруу жана отчетту ТКМ сайтында жарыялоо. | 2026-2027 - жылдар | Жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөр төмөнкүлөргө багытталган:<br>- ТКМ экономикалык жана укуктук чөйрөдөгү коррупцияга каршы саясатын ишке ашырууну камсыз кылуучу кепилдиктерди күчөтүү;<br>- министрликтин системасын коррупциялык процесстердин бузуучу таасиринен коргоо;<br>- жарандардын | ККЫУ; ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | ТКМ жана ТКМдин ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн бюджеттери үчүн каралган республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | мамлекеттик бийлик системасына болгон ишенимин бекемдөө;<br>- коррупциянын алдын алуунун туруктуу укуктук негиздерин түзүү жана улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү. | | |
| 18. | ТКМдин эл аралык кызматташтык жана коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана өнүктүрүү. | Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюмунун Чыгыш Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн коррупцияга каршы күрөшүү боюнча коррупцияга каршы тармагы (ОЭСР тармагы) тарабынан ишке ашырылып жаткан коррупцияга каршы күрөшүү боюнча Стамбул иш-аракеттер планынын программасына Кыргыз Республикасынын өкүлдөрүнүн курамында ТКМ атынан катышуу. | дайыма | Кыргыз Республикасы авторитеттүү эл аралык уюмдарга активдүү катышып, коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы өнөктөштүк мамилелерди тереңдетет жана кеңейтет.<br>Өлкөнүн коррупция менен күрөшүүнүн натыйжалуулугунун индикаторлоруна ылайык сунуштарынын аткарылышын, ошондой эле бул багытта жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири чагылдырылышын камсыз кылат. | ТКМ;<br>ККЫУ.<br>ТКМдин ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | ТКМ жана ТКМдин ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн бюджеттери үчүн каралган республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| 19. | ТКМда пландык иш-чараларды | Коррупцияга каршы пландык иш-чаралардын I этабын ишке | 2027-жылдын 2-жарым | Талдоонун негизинде 2028-2030-жылдарга | ККЫУ;<br>ТКМдин | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | актуалдаштыруу, жаңы милдеттерди коюу жана коррупциянын азыркы чакырыктарына жана коркунучтарына ылайык келген коррупцияга каршы чараларды иштеп чыгуу. | ашыруунун жыйынтыктарын чыгаруу жана 2028-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы туруу боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планынын долбоорун иштеп чыгуу. | жылдыгы | Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы туруу боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы ( II этап) даярдалды жана бекитилди. | ведомстволук түзүмдүк мекемелер. | |

**Колдонулган кыскартуулар**

ТКМ– Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги
Коррупцияга каршы ыйгарым укуктуу – Коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу
ЭТжСПБ –Экономика, талдоо жана стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы
АРБ – Адам ресурстары болүмү
УКБ – Укуктук камсыздоо бөлүмү
МСС – Маалымат саясаты сектору
ИЖКБ – Иш кагаздарын жүргүзүү жана контролдоо бөлүмү
ӨИБ МИ – "Өндүрүштүк – инновациялык борбор" мамлекеттик ишканасы
ЖСЖТД – Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаменти

**Кыргыз Республикасынын**
**Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин**
**коррупцияга каршы маселелер боюнча ыйгарым укуктуу** **В.Т. Алаков**

2-Тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Транспорт жана коммуникациялар
министрлигинин

2024 –ж. «____» __________ №_______
буйругу менен бекитилди

**2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы туруу боюнча мамлекеттик стратегиянын Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2025-жылдан 2027-жылга чейинки орто мөөнөттүү мезгилге түзүлгөн иш-чараларынын Планын аткаруу боюнча**

**202___ жылдын ____ кварталына**

**ОТЧЕТ**

| № | Милдеттер | Иш-чаралар / Аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөттөр | Күтүлгөн жыйынтыктар | Аткаруунун статусу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| | | | | | |